**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 2-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов  Ош шаары, 26.10.2022-ж.

Катчысы- А. Адылбек кызы

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Хилми Караагач- Декандын орун басары
4. Жумабаев М.- Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
5. Жусубалиев А.- Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
6. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
7. Арипов Н.- Доцент
8. Кадыров М.- Ага окутуучу
9. Калбердиев А.- Доцент
10. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
11. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
12. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
13. Адылбек к. А. - Ассистент, аялдар кеңешинин төрайымы
14. Аль Зарзур Али Йосиф- окутуучу-волонтер
15. К. Казыбекова - методист

**Күн тартиби:**

1. Абитуриенттерди кабыл алуунун жана аларды Түркияга жөнөтүүнүн жыйынтыгы жөнүндө ассистент Адылбек кызы Айсулуунун баяндамасы.
2. Студенттердин сабактарга катышуусун талкуулоо боюнча Казыбекова Калыянын баяндамасы.
3. Аккредитацияга даярдык жөнүндө кафедра башчысы Ш. Масиралиевдин окуу-усулдук кеңешинин башчысы С. Тажибаевдин баяндамасы.
4. Ар түрдүү маселелер.

**I маселе**

**Угулду:** Ассистент *А. Адылбек кызы* күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча төмөндөгүлөргө токтолду:

Scanned with CamScanner

Теология факультетине 2022-2023-окуу жылында бакалаврга 43 абитуриент, алардын ичинен 39 кыз, 4 эркек бала окуу үчүн документтери кабыл алынды. Түркияга 43 абитуриентин документтери виза иштерине тапшырылды.

Кабыл алуу учурунда факультетибиз туурасында кайдан маалымат алгандыктары жөнүндө сурамжылоо жүргүздүм. Көпчүлүк абитуриенттер интернет булагы аркылуу уккакдарын айтышса, айрымдары туугандарынан, дос жарларынан угуп келгендиктерин айтышты. Бул жылы башка факультеттерге салыштырмалуу абитуриенттердин тапшыруусу жакшы болсо да, кийинки жылга мындан да жакшы даярдыктарды көрүүбүз зарыл.

*Зууридинов Ө.*: Биз факультетке аьитуриент тартууда факультеттин атын тааныптастан окутуучуларды тааныттуубуз керек деген сунушун айтып кетти. Арипов Нияз агай да Өскөн агайдын сунушуна кошулуп, медиа тармагына окутуучулардын көп иштеши керектигин баса белгиледи.

*Козукулов Т.:* Эң жакшы реклама бул биздин студенттер, студенттерге жакшы билим беришибиз керек, студенттер бизге тирүү реклама болуп беришет. Ошол эле учурда социологдор менен биргеликте иш алып барышыбыз керек деген оюн кошуп кетти.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *К.Казыбекова* сөз сүйлөдү:

Катышуу ар жумада текшерилет, биздин факультетте студенттердин катышуусу жакшы. Мисалы бул жума катышуу 86 % түздү. Студенттердин жооп суроо маселесин арыз аркылуу текшерип, арызы болсо, жоктобойбуз. Ал эми арызы жок студенттердин жоктолоорун айтты.

**III маселе**

1. **Угулду:** 3-маселе аккредитацияга даярдык жөнүндө кафедра башчысы *Ш. Масиралиевдин* жана окуу-усулдук кеңешинин башчысы *С. Тажибаевдин* баяндамасы.

Факультеттен кафедра башчысы *Ш. Масиралиев* сөз сүйлөдү:

Аккредитацияга даярдыктарды көрүү боюнча жобону иштеп жатам. Иш планды түзүп, окутуучуларга тиешелүү иштерди бөлүү каралууда. Эскерте кетчү бир маселе ар бир окутуучу акыркы үч жыл ичиндеги жумушчу программасына сапаттык жактан жаңылык киргизип даярдоосу керектигин айтып өттү.

Scanned with CamScanner

**Ар түрдүү маселелер:**

1. **Угулду:**

Кеңештин төрөгасы З. Ажимаматов 5-6-7-8-ноябрь күндөрү эс алуу деп билдирди. Ошондой эле факультеттин деканы катары мени Туркия мамлекетинин Памуккале университети конференцияга чакырып жатат. 9-16-ноябрь күндөрү Памуккале универстиетинде иш-чара менен биргеликте жаңы келишимдерди түзүп келүүнү да карап жатам. Эгер сиздердин да суңушунуздар болсо да айта кетиңиздер. Жалпы окутуучулар агайга ак жол каалап, студенттердин окуу маселесинде мабилдүүлүк боюнча көбүрөөк студент алуусун сунушташты.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин

**Кеңеши токтом кылат:**

1. Профориентация иштерин жакшыртуу боюнча иш чаралар иштелип чыгылсын. Факультетке 2023-2024-окуу жылга карата региондордо абитуренттерди тартуу боюнча иштер улантылсын. Видеоролик жана брошюралар жаңылансын.
2. 2-семестрден баштап себепсиз 60 саат калтырган студенттер, ошол семестрдин контрагын (200 $) өзү төлөсүн.
3. Жетишүүсү төмөн студенттер менен жекече иштөө жагы тиешелүү окутуучуга жүктөлсүн.
4. Катышуунун жыйынтыгы тайпаларда талкуулансын. Сабактарды көп калтырган студенттер менен кураторлор себебин аныктап иш алып барсын.
5. Аккредитация боюнча тиешелүү окутуучуларга тапшырмалар берилсин.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А. Адылбек кызы**



Scanned with CamScanner